# Дидактика

№15 (43) 2025-жыл, октябрь

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити





## «ЕВРАЗИЯЛЫК ТАРМАКТЫК УНИВЕРСИТЕТ» ИЛИМИЙ-БИЛИМ БЕРҮҮ КОНСОРЦИУМУНУН III ФОРУМУ ОШМУДА ӨТТҮ

*3-бетте*



## ОШМУДА ТОП 10го кирген ОКУТУУЧУЛАР

13-бет

## ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ОКУТУУЧУНУН ЧЕБЕРЧИЛИГИ

4, 5-беттерде

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН "УЛУТТУК ДЕМ - ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК" УҢГУ ЖОЛУ

## ОШМУНУН ОКУТУУЧУЛАРЫ ЭЛ АРАЛЫК СЫНАКТА БАЙГЕЛҮҮ ОРУНГА ЭЭ БОЛУШТУ

Кытай тили мугалимдери арасында өткөн эл аралык сынакта ОшМУнун кыргыз-кытай факультетинин окутуучусу Ерланбек Акылбек уулу экинчи орунду алды. Ал эми Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку колледжинин мугалими Гүлпери Кадырбекова үчүнчү орунду ээледи.

Мындан тышкары кыргыз-кытай факультетинин окутуучулары Тэн Юэмин менен Чэнь Вэнь «Мыкты насаатчы» наамына татыктуу болушту.

«Кытай тилин окутуунун мыктылары— 2025» аттуу кесиптик чеберчилик боюнча эл аралык сынактын финалдык бөлүгү 25-октябрда Душанбе шаарындагы Конфуций институтунда өттү. Ага Тажикстан, Өзбекстан, Казакстан жана Кыргызстандан 11 мугалими катышкан. Иш-чаранын алкагында педагогикалык тажрыйба алмашуу боюнча тегерек стол уюштурулуп, анда тематикалык баяндамалар жасалган. Катышуучулардын кесиптик чеберчилигин өркүндөтүүгө багытталган талкуулар өткөрүлгөн.




## ОШМУДА ЭКИНЧИ ИРЕТ БӨЙРӨК АЛМАШТЫРУУ ОПЕРАЦИЯСЫ ИЙГИЛИКТҮҮ ЖАСАЛДЫ



Ош мамлекеттик университетинин медициналык клиникасында кезектеги бөйрөк алмаштыруу операциясы ийгиликтүү жасалды. Таш-Көмүр шаарынын тургуну, 45 жаштагы аялга 71 жаштагы апасы донор болуп, бир бөйрөгүн берди. Бейтаптын абалынан жана дарыгерлердин ишмердүүлүгүнөн кабар алып Кудайберди Кожобеков клиникада болду.


Операция заманбап лазердик ыкма менен кошумча хирургиялык кесүүсүз жүргүзүлүп, бейтаптардын организмине мүмкүн болушунча аз зыян келтирилди. Учурда эне-баланын абалы туруктуу. Операцияны окуу жайдын тажрыйбалуу дарыгери Бексултан Сейтбек уулу Орусиядан чакыртылган дарыгерлер менен биргеликте жасаган. Дарыгерлердин айтымында 71 жашта донор болуу медицинада сейрек кездешет. Анткени органдарды алуу жана берүүдө донордун жашы, жалпы ден соолугу жана органдын иштөө дарамети кылдаттык менен эске алынат. Учурда бейтаптардын алабы туруктуу.

ОшМУнун клиникасы азыркы тапта орган алмаштыруу боюнча өлкөдөгү алдыңкы борборлордун бири катары ишмердүүлүгүн улантууда. Алгачкы бөйрөк алмаштыруу операциясы ушул жылдын 30-майында ишке ашкан.

## ОШМУ БИР НЕЧЕ ОКУУ ЖАЙЛАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУ КЕЛИШИМИН ТҮЗДҮ

«Евразиялык тармактык университет» консорциумунун III форумунун алкагында Ош мамлекеттик университети менен төрт университеттин ортосунда кызматташуу келишимине кол коюлду. Алар – Башкаруу мамлекеттик университети, Марий мамлекеттик университети, В.Н. Татищев атындагы Астрахань мамлекеттик университети жана Кыргыз экономикалык университети.

Кол коюуга ректорлор Кудайберди Кожобеков, Владимир Строев, Михаил Швецов, Игорь Алексеев жана Гульназ Супаева катышты. Документте билим берүү жана илим изилдөө тармактарында өз ара тажрыйба алмашууну ишке ашыруу каралган. Ошондой эле студенттер менен окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн жандантуу, ар тараптуу байланыштарды кеңейтүүгө багытталган.




Ошону менен форумдун алкагында Евразиялык тармактык университеттердин координациялык кеңешинин жыйынында Кудайберди Кожобеков Евразиялык экономикалык биримдикке мүчө мамлекеттердин окумуштууларынын, инженерлеринин жана ишкерлеринин “Инновациялык технологиялар борбору” аттуу ассоциациясын түзүү боюнча сунушун берди. Муну менен Ош мамлекеттик университети эл аралык өнөктөштүктү кеңейтүү аркылуу билим берүү программаларын жогорулатып, илимий потенциалын чындоого умтулууда.

*ОшМУ пресс*

# «ЕВРАЗИЯЛЫК ТАРМАКТЫК УНИВЕРСИТЕТ» ИЛИМИЙ-БИЛИМ БЕРҮҮ КОНСОРЦИУМУНУН III ФОРУМУ ОШМУДА ӨТТҮ

***Форумга Евразиялык тармактык университетинин (ЕТУ) жетекчилери, Орусиянын Мамлекеттик думасынын депутаттары, аталган өлкөдөн жана Кыргызстандан тиешелүү министрликтеринин жана ведомстволорунун өкүлдөрү, алдыңкы жогорку окуу жайларынын ректорлору, эксперттер жана адистер катышышты.***






***22-23-октябрда өткөн форумдун алгачкы күнүндө коноктор университеттин башкы имаратынын алдында окутуучулардын, студенттердин илимий долбоорлору, стартаптары коюлган көргөзмө менен таанышышты.***

***Эл аралык форум Евразия экономикалык биримдигине мүчө мамлекеттердин жогорку окуу жайлары, мамлекеттик органдары, бизнес чөйрөсү жана жарандык коом өкүлдөрүнүн ортосундагы кызматташууну чыңдоого жана өнүктүрүүгө арналган маанилүү жылдык иш-чара болуп саналат.***




***Форумдун алкагында пленардык жыйынында ОшМУнун ректору К. Кожобеков:***

-«Евразиялык тармактык университет» илимий-билим берүү консорциуму интеллектуалдык, академиялык жана адамдык ресурстарды бириктирип, билим берүү системаларын интеграциялоого, мүчө мамлекеттер ортосундагы ишенимди бекемдөөгө чоң салым кошууда. Ошондой эле ОшМУ эл аралык кызматташтыктын активдүү катышуучусу болуп, тармактык программаларга катышып, академиялык мобилдүүлүк менен биргелешкен илимий долбоорлорду ишке ашырып жатат-деди.

Ал эми аталган форум кызматташтык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, тажрыйба алмашууга, Евразия мейкиндигинде жогорку билим берүүнүн жаңы стратегияларын иштеп чыгууга жана инновациялык технологияларды мүчө мамлекеттердин экономикасына киргизүүгө багытталган. Ошондой эле Орусиянын Мамлекеттик думасынын илим жана жогорку билим берүү комитетинин төрагасынын орун басары Владимир Сипягин Евразия университеттеринин форуму кесиптик кадрларды даярдоодо эл аралык кызматташтыктын маанилүү аянтчасы болорун айтты.





-“Евразия университеттеринин форуму бул илим жана билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык коллаборация. Орусия бул багытта чоң тажрыйбага ээ жана аны өнөктөштөр менен бөлүшүүгө даярбыз”, — деди ал.

Сипягин ошондой эле Евразия экономикалык биримдигинин алкагында интеграцияны тереңдетүү зарылдыгын белгилеп, мүчө мамлекеттердин ортосундагы билим берүү боюнча байланышты чыңдоо маанилүү экенин да кошумчалады.

Ал эми форумдун экинчи күнү ОшМУнун имараттары менен таанышып, Ломоносов борборунда болушту.

Коноктор мындан тышкары университеттин бизнес паркына жана медициналык клиникасына да барышты. Алар заманбап медициналык жабдууларды, операциялык блокторду жана лабораторияларды көрүштү. Клиникадагы хирургия, трансплантология жана кардиология багыттарындагы жаңы мүмкүнчүлүктөргө күбө болушту.

Делегациянын көңүлүн өзгөчө Эл аралык медициналык факультетте Индия жана башка өлкөлөрдөн келип билим алып жаткан миңдеген студенттер бурду.

***ОшМУ пресс***

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



# ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ОКУТУУЧУНУН ЧЕБЕРЧИЛИГИ

***Бүгүнкү күндө билим берүү маалыматтык технологияларга таянуу менен заманбап окутуу колго алынды десек жаңылбайбыз. Мурдагыдай мугалим сүйлөп "Мен айтам, сен түшүнгүңдү айтып бер" деген маселе артта калып, жаңычыл, интерактивдүү сабактын үлгүлөрү алдыга чыкты. Анда окутуучу жана окуучу бир толкунда болуп, түшүнүү, ой жүгүртүү, билгенин турмушта колдонуу жагына ыктады. Ошентсе да, салттуу билим берүүнүн өзүнүн жакшы жактары бар, анткени, мугалим койгон талаптар, билим алуучулардын тапшырмаларды толук аткарышы, анын текшерилиши ар бир окуучуга милдеттерди жүктөп, билимди толук кандуу алуусуна шарт түзүлгөн. Демек, окуучуга салттуу да, жаңычыл да ыкмаларды колдонуп, жакшы жактарын анализдеп, билим берүү – учурдун талабы.***

***Заманбап окутуунун эң башкы милдети же багыттары – маалыматты талдап, суроолорду берип, өз алдынча чечим кабыл алууга үйрөтүү. Топто же командада иштөө, баарлашуу, кызматташуу, коомдо өзүн алып туура алып жүрүү, мобилдүүлүк жана ыңгайлашуу сапаттарын өнүктүрүү. Ошондой эле, жөн гана теориялык билим бербестен, аны турмушта колдоно билүүгө жана эмгек рыногуна даярдоого басым жасоо менен үзгүлтүксүз билим алууга, өзүн өнүктүрүүгө, жаңы технологияларды өздөштүрүүгө шыктандыруу болуп эсептелет. Албетте, бул милдеттер менен кошо билим берүүдө чыгармачылыкты жана инновацияны өнүктүрүү да четте калбашы зарыл.***

***Инсанга багыттап окутуу – азыркы педагогиканын негизги багыттарынын бири болуп саналат. Бул билим берүүдө жаңы багыт катары эсептелгени менен, мунун тамыры же идеялары тарыхтын тереңинде камтылган десек деле болот. Анткени, инсанга багыттап окутууну XIX кылымдын белгилүү методист окумуштуулары: В.Я. Стоюнин, В.И.Водовозов, булардан кийин XX кылымда М.А.Рыбникова ж.б. өздөрүнүн усулдук эмгектеринде белгилеп өтүшкөн. Педагогикалык адабияттарда инсанга багыттап окутуунун эң башкы милдети адамдын инсан болуп калыптанышына көмөктөшүү болуп эсептелет. Анын негизги маңызы – окуу процессинин борборуна окуучуну, анын жекече өзгөчөлүктөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн жана муктаждыктарын коюу. Бул мамиледе билим берүүнүн максаты жөн гана маалыматтарды же билимдин белгилүү көлөмүн берүү эмес, тескерисинче, баланы инсан катары өнүктүрүү, анын өзүн-өзү таанып-билүүсүнө, чыгармачылыгын ачууга жана өз алдынча чечим кабыл алууга үйрөтүү болуп саналат.***



***Негизги принциптери төмөнкүлөр:***

1. Индивидуалдуулук: ар бир окуучу уникалдуу. Мугалим алардын окуу темпин, дүйнө таанымын, кызыгуусун жана кабыл алуу өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окуу материалдарын жана тапшырмаларды ылайыкташтырат.
2. Тандоо укугу: окуучуларга үйрөнүү ыкмаларын, аткара турган тапшырмалардын татаалдык деңгээлин же кайсы теманы тереңирээк изилдөөнү тандоого мүмкүнчүлүк берилет. Бул алардын жоопкерчилигин жана окууга болгон мотивациясын арттырат.
3. Өзүн-өзү актуалдаштыруу: окуучунун тубаса жөндөмдүүлүктөрүн – интеллектуалдык, чыгармачыл жана коммуникативдик дараметин ачууга жана ишке ашырууга шарт түзүлөт.
4. Субъекттик мамиле: билимди жөн гана мээсине жазып алуунун ордуна, окуучу өзүнүн мурдатан алган тажрыйбасын, билимин жана жеке көз карашын колдонуп, жаңы маалыматтарды сын көз менен кабыл алууга жана талдоого үйрөнөт.

***Инсанга багыттап окутуу бир нече практикалык ыкмалар аркылуу ишке ашат:***

Дифференциацияланган тапшырмалар аркылуу. Айталы, бир темага карата үч деңгээлдеги (базалык, орто, жогорку) тапшырмалар берилет.

Топтук жана жуптук иштөө формалары артыкчылыкка ээ болот, бул окуучуларды кызматташууга, пикир алмашууга жана өз ара колдоого үйрөтөт.

Долбоордук иштер кеңири колдонулат, анда окуучулар өзүнө жакын теманы тандап, жекече же топтордо изилдеп, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүшөт.

Рефлексия (Ой жүгүртүү) сабактын маанилүү бөлүгү болуп саналат. Окуучулар ар бир сабактын аягында өзүнүн ишин, үйрөнгөнүн жана кетирген каталарын талдап чыгышат.

Демек, инсанга багыттап окутуу – бул билим берүү системасын окуучунун айланасына куруу. Бул окутуу аркылуу балдар жөн гана билимдүү эмес, ошондой эле өзүнө ишенген, өз алдынча чечим кабыл ала билген, жоопкерчиликтүү жана коомдогу өзгөрүүлөргө ийкемдүү инсан болуп жетилет.

Ошондой эле, бүгүн педагогикада "Функционалдык сабаттуулук" деген термин пайда болду. Азыркы доордо билим берүүнүн негизги максаты – окуучуга жөн гана маалыматтарды үйрөтүү эмес, тескерисинче, алган билимин турмуштук кырдаалдарда натыйжалуу колдоно билүүгө үйрөтүү болуп калды. Мына ушул жөндөмдүүлүк педагогикада функционалдык сабаттуулук деп аталат.

Функционалдыксабаттуулук–адамдын мектепте же башка окуу жайларда алган билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн ишмердүүлүктүн, баарлашуунун жана социалдык мамилелердин ар кандай тармактарындагы маселелерди чечүү үчүн колдоно алуу жөндөмү. Башкача айтканда, бул – окуучунун окуу китебин жаап, чыныгы жашоого киргенде, ошол билимдер менен иштөө куралын өзү менен кошо ала кетүүсү.

Функционалдык сабаттуулуктун мааниси, биринчи кезекте, билим берүүнүн сапатын жогорулатууда турат. Салттуу окутууда окуучулар көп учурда теориялык материалды гана жаттап, бирок аны эмне үчүн, кайда колдонуу керектигин түшүнүшпөйт. Ал эми функционалдык мамиле билимди максат эмес, курал катары кароого үйрөтөт. Мисалы, тарых

***(Уландысы 5 бетте)***

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

*(башталышы 4-бетте)*

сабагындагы фактыларды окуп, аны азыркы коомдогу окуялар менен салыштыра алган, же географиялык маалыматты колдонуп, саякат маршрутун түзө алган адам функционалдык жактан сабаттуу деп эсептелет же болбосо кыргыз адабиятынан каармандын образын талдоо менен анын ички психологиясына түшүнүү менен карап, өзүндө же башка бирөөдө каталарды кетирбөөгө, оң жактарын издөөгө, турмушта адам баласы дайыма эле жакшы жашай бербестигине, кандайдыр турмуштук сыноолор болуп, аны акылмандык менен чечип кетүүгө жөндөмдүү болууга үйрөнөт. Функционалдык сабаттуулуктун негизги артыкчылыктары – окуучуну китептердин дүйнөсүнөн гана эмес, ошол билимди колдонуу менен реалдуу дүйнөдө ийгиликтүү жашоого даярдаган, өз алдынча жана жоопкерчиликтүү инсанды тарбиялоо.

Жогоруда белгилегендей, заманбап ыкмалар окуп жаткан окуучуну же студентти пассивдүү угуучу эмес, билимин өзү куруугa жана маселелерди чечүүгө активдүү катышкан инсан катары карайт. Мына ошолордун ичинен топто иштөө ыкмасына токтололу. Бул ыкманы бардык эле окутуучулар билет, анын натыйжасы биргелешип тапшырма аткаруу, бирин-бири үйрөтүү, толуктоо, жамааттык жоопкерчиликти сезүү болуп саналат. Бирок, мындай ыкманы колдонууда окутуучулар бир нерсени көбүнчө эске албай калабыз. Бул топто иштөөнүн динамикасы. "Топтун динамикасы" аты айтып тургандай, өз ичине бир нече учурду камтыйт. Окутуучу топторго бөлгөндөн кийин, топтун ишине көп деле аралашпай, байкоо жүргүзгөн учуру болот. Бирок, биринчи этапта окутуучу топтор менен активдүү иштөөсү шарт, анткени, бул баскычта топтогулардын мамилелери сылык, бирок тартынчаак болот. Студенттер (же окуучулар, мүчөлөр) өздөрүнүн ролу кандай болорун, кандай эрежелерди сактоо керектигин так билбей, коопсуздукту жана жактырууну издешет. Тапшырманы аткарууга караганда, уюштуруу маселелерине көбүрөөк көңүл бурулат. Мугалимдин мында жетекчилик кылып, максаттарды, эрежелерди ачык-айкын түшүндүрүп, ролдорду бөлүштүрүүгө жардам бериши керек. Топто иштөөнүн 2-баскычында топтогу алгачкы сылыктык жоголуп, пикир келишпестиктер, идеялардын салгылашы башталат. Айрым студенттердин оюу басмырланып, лидер мүчөлөрдүн идеясы алдыга чыгат. Мындайда окутуучунун негизги милдети – топтун иш-аракетин жөнгө салуу, ички эрежелерди иштеп чыгуусуна көмөк көрсөтүү болуп эсептелет. Топтук иштөө студентти же окуучуну бирөөнүн пикирин сыйлоого, баарын угууга, идеялар менен бөлүшүүгө үйрөтөт. Демек, окутуучу студенттердин (окуучулардын) иш-аракетине гана көңүл бөлбөй, алардын топтогу ролдоруна да маани бериши негизги милдеттеринин бири.

Топто иштөөнүн 3-баскычы берейин деген ойду пландаштыруу, баарлашуу, топтогу мүчөлөр ар бири өзүнүн жоопкерчилигин сезип, бирге иштөөгө ыңгайланышат. Бирок, бул баскычта айрым студенттер кайдыгер болгон учур да кезигет. Окутуучунун милдети – кайдыгер студенттин пикирин да кошууга жардам берүү, тартынчактыктан арылтуу, ишеним көрсөтүү жана башкалардын алдында мотивация берүү, максатка бирге жетүү – эң жакшы натыйжа экенин топторго түшүндүрүү.

Жогорудагы баскычтар ишке ашкандан кийин, ишмердүүлүктү көрсөтүү (презентация) эң чоң мааниге ээ. Топтун мүчөсү иштелип чыккан идеяны мыкты түшүндүрүүгө басым жасаса, мүчөлөр аны толуктоого, далилдөөгө аракет жасашат. Окутуучунун милдети – алардын кеп чеберчилигине, оюн туура жеткирүүсүнө, бири-бирин сыйлоосуна көңүл буруу менен угуучулардын да бардык оюн презентация кылып жаткан топко бурдуруусу зарыл. Тажрыйбабызда көп байкалгандай, окутуучулар (же мугалимдер) ушул бөлүктө презентацияны өзү гана угуп отурган учурлары көп болот.

Топтук динамиканын талкуу жана рефлексия бөлүктөрү ойду жыйынтыктаганга, каршы, оң пикирлерди билдирүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Окутуучунун милдети топтук иштин максатынын аткарылгандыгы, ойлордун биримдиги, топтордун ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын чыгаруу болуп эсептелет. Демек, топтук динамикада окутуучунун (мугалимдин) орду чоң. Андыктан, окутуучу заманбап ыкмаларды колдонууда сөзсүз өзүнүн да милдеттерин, алтын эрежелерин түзүп алуусу шарт.

***Бүгүн, биз окутуучулар, окутуунун принциптерин кээде эске албай эле, түз эле күтүлүүчү натыйжаларга тез жетүүгө аракет жасайбыз. Бирок, ал принциптер канчалык сабагыбызда ишке ашты, сарасеп салуу, анализдөө болсо, сабагыбыздын натыйжасы андан да жакшы болот. Андыктан, ар бир сабакта илимийлүүлүк, көрсөтмөлүүлүк, аң-сезимдүүлүк жана жигердүүлүк, жеткиликтүүлүк, билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуудагы бекемдик принциби, теориянын практика менен байланыш жана башка принциптери жетекке алынышы зарыл деп эсептейбиз. Ал эми, окутуунун заманбап технологияларына жогорудагы принциптер толугу менен камтылганда гана сабагыбыз максатына жетет деп ынандыра алабыз.***

Жогорудагы принциптерди жетекке алган айрым бир ыкмаларды сунуштайбыз.

### "БОШ ОТУРГУЧ" ЫКМАСЫ

Бул ыкма өтүлгөн сабактын материалын канчалык түшүнгөндүгүн текшерүүчү ыкма болуп саналат. Максаты: билимдерди текшерүү, өзүн сыноо. Мында студенттер тегерек болуп олтурушат, катардагы бир отургуч бош болот. Отургучка бардык студенттин кезеги келет. Ким олтурса ага тегеректегилерден суроолор берилет. Олтурган студент суроолорго жооп берет, жооп бере албаса, билгендер толуктайт. Мында студенттер (же окуучулар) өтүлгөн материалды эске сактоого, суроо берүүнү үйрөнүүгө, ошол эле учурда, кыска, так жооп берүүгө аракет жасашы зарыл. Ушул эле ыкмага жакын ыкмалардын бири "Суроолор талаасы" ыкмасы. Окутуучу тарабынан студенттерге өтүлгөн тема боюнча экиден суроо түзүү жана суроолорду кагазга түшүрүү тапшырмасы берилет. Студенттер тегерете олтурушат, окутуучу кагаздарды ортого таштап, ар бир студенттин тандап алуусуна шарт түзөт. Студенттер өздөрү тандап алган суроолорго жооп беришет, эгер окшош суроолор болуп, жооптор берилсе, анда кийинкисине өтө берет.

Жогоруда биз сүрөт тартууну же схема менен иштөөнү сунуш кылганда эле сабагыбызды интеграциялап окутуу же болбосо предметтер аралык байланышты ишке ашыруу технологиясы эске түшөт. Бүгүнкү күндүн мугалими (же окутуучусу) ар бир сабакты интеграциялап өтсө, студентти (окуучуну) терең ой жүгүртүүгө, ар жактуу билимдүү болууга, дүйнө таанымын тереңдеткенге үндөйт. Предметтер аралык байланыш үч шарттын аткарылышын көңүлгө алат:

-изилдөө обьектилери бири-бирине дал келет же жетиштүү жакын;

-интеграцияланган окуу предметтеринде изилдөөнүн бирдей жакын усулдары пайдаланылат;

-интеграциялануудагы окуу предметтери жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдө, жалпы теориялык концепцияларда курулат (Б. Оторбаев "Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы", 2022).

Мисалы, "Кыргыз адабиятынын практикуму" предметинен акын Жеңижоктун "Аккан суу" ырын өтүүдө сырткы предметтер: музыка, биология, география, сүрөт, теология, философия менен, ички интеграциялануда кыргыз тилиндеги (тилдик каражаттардын колдонулушун талдоодо) лексика-грамматиканы, стилистиканы байланыштырса болот.

Биз жашап жаткан учур – санарип технологиясынын заманы. Демек, окутуу санарип технологиясы менен коштолсо, анда студенттердин сабакка болгон кызыгуусу, түшүнүүсү кыйла жогорулайт. Сабактын уюштуруу бөлүгүнөн тарта, ар бир этапта санариптик технологияны колдонуу жакшы натыйжаны берет. Айталы, "Падлет" доскасы аркылуу суроолорду берип, дароо жооп алуу, сабактын максаттарын аныктоо, баалоо критерийлери менен баалоо ж.б.у.с. окутуучунун убактысын үнөмдөйт. Ошондой эле, окутуучунун, студенттердин (окуучулардын) презентациялары көрсөтмөлүүлүк менен сүйлөөгө, иреттүү текст түзүүгө, схема-таблицаларды жайгаштырууга үйрөтүү менен жасалма интеллектти пайдаланууга жол ачат. Бышыктоо этаптарында сабакты санарип оюндар аркылуу бышыктоо, тесттер аркылуу билимин текшерүү да студенттин өзүнө болгон ишенимин арттыруу менен өзүн-өзү баалоого мүмкүнчүлүк берет.

Жыйынтыктап айтканда, заманбап окутуунун технологиялары менен сабакты окутуу – учурдун талабы. Бирок, салттуу жана заманбап ыкмаларды жуурулуштуруп, анын каймактарын пайдалануу – окутуучунун чеберчилиги. Ар бир сабак жандуу, чыгармачыл, тажатмалуу эмес болушу үчүн эң оболу окутуучу ар бир сабагына мыкты даярдык жана балдарга деген жүрөгүндөгү түгөнгүс мээрим, сүйүү менен келиши зарыл.

Бактыгүл БАЙТИКОВА, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент. Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын башчысы.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН "УЛУТТУК ДЕМ - ДҮЙНӨЛҮК БИЙИКТИК" ҮҢГҮ ЖОЛУ




Кыргызстандын Мамлекеттик катчысы Марат Иманкулов, Президенттин Администрациясынын саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгынын начальнигинин орун басары - бөлүм башчысы Октябрь Капалбаев Ош мамлекеттик университетине келди. Алар "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" үңгүжолун ишке ашыруу алкагында Ош шаарындагы жогорку окуу жайлардын окутуучулары жана студенттери менен жолугушуу өткөрдү.

Иш-чаранын алкагында мамлекеттик катчы үңгү жолдун мазмуну жана максаты тууралуу кеңири түшүндүрүп, өлкөнүн өнүгүүсүндө жаштардын ролу, нарктык баалуулуктарды калыптандыруу жана жоопкерчиликтүү жарандарды тарбиялоонун маанисине токтолду.

Жолугушуунун алкагында ОшМУда 22-24-октябрь күндөрү өткөн «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» аттуу үңгүжолдук окутуу курсунун ийгиликтүү аяктаган 54 кызматкерге Мамлекеттик катчы Марат Иманкулов тарабынан сертификаттар тапшырылды.

Катышуучулар улуттук идеологиянын мазмуну, мамлекеттик тилдин өнүгүү багыттары жана коомдук аң-сезимди чыңдоонун заманбап ыкмалары боюнча билим алышкан.

Мамлекеттик катчы Марат Иманкулов жыйынтыктоочу сөзүндө бул демилге — Кыргыз Республикасынын Президентинин улуттук идеологияны бекемдөө жана коомдун руханий өнүгүүсүн колдоо багытындагы саясатын ишке ашыруунун маанилүү кадамы экенин белгиледи.

Эске салсак «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» аттуу үңгү жолу программасы иштелип чыгып, аны жайылтууга мамлекеттик деңгээлде маани берилип, билим берүү тармактарына жайылтуу маселеси коюлган.

## *Киришүү*

Кыргыз Республикасы - эгемендиги чектелбеген, ички жана тышкы саясатын өз алдынча жүргүзгөн, эли мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болгон, конституциялык түзүлүшкө, мамлекеттик символдоруна ээ, дүйнө өлкөлөрү тарабынан таанылган, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет.

Кыргыз Республикасынын элинин эң башкы байлыгы жана сыймыгы - анын эгемен мамлекети. Кыргыз эли ушул коомдук-саясий түзүлүшкө карт тарыхтын далай катаал сыноолорунан өтүп келип, ынтымактын жана биримдиктин күчү менен жетти. Дүйнөлүк өнүгүүнүн өркөн жолуна кыргыздар менен үзөңгүлөш чыккан эчендеген элдердин өздөрү эмес, аталыштары гана тарых барактарында сакталып калды.

Тарыхтын белгилүү бир учурларында мамлекеттүүлүгүнөн, жазма маданиятынан ажырап калса да, кыргыз эли өзүнүн ички биримдигин, башка элдер менен болгон ырашкерлигин өксүткөн эмес, дүйнөтааным тажрыйбаларын байытып отуруп, жалпы адамзаттык маанидеги оозеки көркөм мурастардын эң бай казынасын жараткан.

"Манас" үчилтиги - улуттук гана эмес, дүйнөлүк маанидеги эпикалык мухит. Ал дайыма кыргыз элинин демине дем кошуп, анын улут болуп калыптануу жолунда рухий азык, тарыхый жана философиялык таяныч болуп келген, мындан ары да кыргыз жарандарынын дем, кубат алуучу булагы бойдон кала берет.

Кыргыз Республикасын бардык жагынан жапырт өнүккөн, жарандары бактылуу жашап, өз өлкөсү менен сыймыктанган, элдик нарк баалуулуктары бекем сакталган, унитардык мамлекетибизди дүйнөлүк деңгээлге чыгаруу - улуттук дымагыбыз.

Кыргыз Республикасынын көп этностуу эли турмуштун бардык тармактарында дүйнөлүк бийиктиктерди багындыра ала турган жөндөм, билим, илим, маданият жана улуттук демге ээ. Нарктуу элибиз, намыстуу жарандарыбыз менен өзүн-өзү коргоп, бардык турмуштук муктаждыктарын өзү камсыздай алган, жакындарына жардам берүүгө дайыма даяр турган, алдынкы улутка, өнүккөн өлкөгө айлануу жолундабыз!Эгемендүүлүктү туу тутуп, улуттук демибиз менен өнүгүүнүн үңгүлүү жолуна түшөбүз жана турмуштун бардык тармактары боюнча дүйнөлүк бийиктиктерге жетишебиз!

### *I. Учурдагы абалга сереп*

Кыргыз Республикасы - мамлекет катары кыргыз элинин байыртан берки мамлекет куруу, аны башкаруу, коргоо жана өнүктүрүү жагынан жыйнаган тажрыйбаларынын түздөн-түз уландысы. Ар бир доордун өзүнүн сынчы, ойчул, даанышмандары болуп, алардын ой корутундулары жана элдин орток акылынан жаралган эпикалык мурастар, макал-лакап, учкул сөздөр, санат ырлар жана санжыралар кыргыз коомунун демин арттырып, келечекке туура багыт берүүчү үңгүжол милдетин аткарып келген.

Кыргыз Республикасы азыркы учурда өзүнүн көп этностуу, ынтымакта жашаган, нарктуу жана жаратман эли менен бирге эгемендикке ээ болгон жылдардан ушул күнгө чейинки басып өткөн тарыхый жолун талдап, таразалап, оош-кыйышын ылгап, ылдам жана ырааттуу өнүгүүнүн туура багытына түшүү учурун башынан кечирип жатат.

Кыргыз Республикасы тарыхтын акыркы он жылдыктарында кылымдап тутунуп келген үңгүжолдон саамга четтей түштү. Ушундан улам өлкөдө береке качып, ырыскы бөксөрдү, адамдардын ой-санаасына бүлүк түштү, бийликке, мамлекетке, келечекке болгон ишеним азайды.

Эгемендүүлүктүн берген мүмкүнчүлүктөрү жалпы элдин эмес, азчылыктын колуна өтүп кетүү коркунучу пайда болду. Илим, билим, маданият, акыл-ой, идея жана аларды жараткан улут билгелери бркталбай, коомдук институттар таасирсиз абалга келди.

Мамлекет куруу жана бийлик жүргүзүү жагынан жыйналган коомдук-саясий тажрыйбаларын өзүнүн тарыхый эс тутумунда сактап келген кыргыз эли маселени жапа тырмак чечүү жолун тандап алып, натыйжада, ыңкылаптар, бийлик алмашуулар элдин эрки жана анын түздөн-түз катышуусу менен жүзөгө ашырылды.

Улуттун нарк баалуулуктарына жана демине таянган, жалпы адамзаттык тажрыйбаларды да эске алган улуттук идея башбагыты аныкталып, жүзөгө ашырыла баштамайынча, тарыхый өнүгүүнүн үңгүлүү жолуна чындап түшмөйүнчө, өлкөнүн бардык жагынан тегиз, ыкчам өнүгүүсү

*(Уландысы кийинки бетте)*

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

*(башталышы 6-бетте)*
мүмкүн эместиги баарына түшүнүктүү болду.

Ушундан улам жарандарына туруктуу, коопсуз, бейпил, бактылуу, бардар турмуш тартуулай ала турган, күчтүү Кыргыз Республикасын калыптандырууну жана өнүктүрүүнү көздөп, башбагыты аныкталган, узак мөөнөткө эсептелген идеялар тутумун - Уңгужолду доор талабына ылайык кайра жаратуу муктаждыгы келип чыкты. Ал жаралды: Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу деп аталды (мындан ары - Уңгужол).

### II. Негизги таянымдар

Уңгужол төмөнкү таянымдардын негизинде иштелип чыкты:

-Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзам актыларын, ошондой эле эл аралык укуктук ченемдерди жетекчиликке алуу;

- кыргыз элинин мамлекет куруу жана аны башкаруу тажрыйбасы бар эл экендигин көңүл борборунда тутуу;

-кыргыз элинин тили, тарыхы, маданияты жана нарк баалуулуктарынын жарандар тарабынан эркин колдонулушун, үйрөнүлүшүн жана дүйнөгө таанытылышын өлкө эгемендигинин белгиси катары эсептөө;

- заттык баалуулуктардын маанилүүлүгүн танбай туруп, заттык эмес рухий баалуулуктарга артыкчылык берүү;

- жарандардын жеке кызыкчылыктарын урматтоо менен коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын алардан жогору коюу;

-улуттук нарк баалуулуктары менен диний баалуулуктарды бири-бирине карама-каршы коюуга жол бербөө;

- улуттук сыймыкты жогору коюу, бирок этностук менменсинүүнүн эч бир көрүнүшүнө жол ачпоо;

- жакынкы жана алыскы кошуна элдердин тили, тарыхы жана маданиятына нарктуулук менен мамиле жасоо;

-өз өлкөсүнүн артыкчылыктарын даңазалоодо, башка өлкөлөрдүн баалуулуктарын кемсинтпөө, кошуна мамлекеттер жөнүндө эң жакшы ой-тилектерде болуу.

### III. Максаты, милдеттери жана күтүлгөн жыйынтыктар

Уңгужолдун негизги максаты - мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салуу менен нарктуу, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандарды калыптандырып, кубаттуу мамлекет куруу.

***Уңгужолдун негизги максаты анын төмөнкү милдеттеринин аткарылышы аркылуу жүзөгө ашырылат:***

***-коомдуктурмушжүрүмүндөсалттуу жана заманбап баалуулуктардын тең салмактуулугун сактоодо укуктук, нарктык ченем катары колдонуу;***

***- кыргыз жарандарынын ар биринин, улуттукнаркнегиздеринетаянганжалпы жарандык аң-сезимин калыптандыруучу институтташтырылган шарттарды түзүү;***

***- адамдын аң-сезиминде жарандык мекенчилдик баалуулукту калыптандыруу, жалпы элдин улуттук демин арттыруу, келечекке болгон ишенимди бекемдөө;***

***- мамлекетти негиздеген эл катары, кыргыздардын жашаган жерине, уруулук, аймактык таандыктыгына жана диний ишенимдерине карабастан, алардын улуттук өзүн-өзү таанып билүүсүн - бирдейлешүүсүн камсыздоо;***

***- Кыргыз Республикасында жашаган бардык этностордун ынтымагын, биримдигин чыңдоо менен, алардын кыргыз жараны болуу сыймыгын жаратуу;***

***- кыргыз элинин улуттук наркынын жана заманбап талаптардын негизинде адамдардын өз өлкөсүнө кызмат өтөөгө болгон шыктануусун арттыруу;***

***- адилеттүүлүк, абийирдүүлүк, боорукердик сапаттар менен бирге мамлекеттин коопсуздугун баарынан жогору коюу жоопкерчилигин кыргыз жарандарынын ар биринин аң-сезимине орнотуу;***

***- өлкөнүн келечеги үчүн ишеним жаратуучу, ага ак кызмат кылууга шыктандыруучу идеологиялык башбагыт милдетин аткаруу.***

### Уңгу жолдон күтүлгөн жыйынтыктар:

***-Уңгужол ар бир жарандын жүрүм-турумун жана ой жүгүртүүсүн аныктоочу ынанымдардын, адеп-ахлактык баалуулуктардын жана таянымдардын тутумун калыптандыруучу идеологиялык негизге айланат;***

***- жарандарда улуттук сыймыкты, мекенчилдикти, жарандык баалуулуктарды, жоопкерчиликти калыптандыруучу жана өнүктүрүүчү туруктуу, институтташтырылган жүрүмдүн башталышына жана ийгиликтүү өнүгүшүнө жол ачат;***

***- өзүнүн өлкөсүн, коомун, үй-бүлөсүн сүйгөн, ошондой эле мамлекеттин экономикалык өсүшүн жана анын коопсуздугун камсыздаган жоопкерчиликтүү жарандардын жаңы муунун калыптандыруучу мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттар, түзүмдөр туруктуулук жана натыйжалуулук сапаттарга ээ болот;***

***- Кыргыз Республикасынын мезгил чакырыктарына ишенимдүү жооп берүүгө жөндөмдүү, туруктуу өнүгүүнүн уңгулуу жолуна түшкөн жана ааламдык таасирлерге туруштук бере алган күчтүү, бекем жана гүлдөгөн мамлекетке айланышына алып барат.***

### IV. Уңгужолдун негизги багыттары

1. Таалим-тарбия, илим, билим жана маданият

Жарандардын нарк талабына ылайык таалим-тарбияга, заманбап илим-билимге, жогорку маданиятка ээ болуусу жана өнөр-кесип үйрөнүүсү үчүн үй-бүлө, коом жана мамлекет үчилтиги бирдей кам көрүүгө милдеттүү.

Токтоосуз колго алынуусу жана үзгүлтүксүз улантылуусу керек болгон милдеттер төмөнкүлөр:

- таалим-тарбия берүүдө улуттук нарк баалуулуктарына артыкчылык берилиши жана анын жаңы тажрыйбалар менен байытылышы;

- жаш муундарга билим берүүнүн методдорун гана эмес, анын максат, мазмун, өлчөм жана мөөнөттөрүнүн алыскы келечекти эске алуу менен кайра каралышы;

- билим берүүгө болгон даярдык менен билим алууга болгон даярдыкты бири-бирине дал келтирүү боюнча чаралардын иштелип чыгышы жана ыраатту ишке ашырылышы;

- кесиптик билим берүү, жаштарга өнөр-кесип үйрөтүү жагынын жандандырылышы жана анын жаңы нукта тынымсыз өнүктүрүлүшү;

- Кыргыз Республикасынын билими жогору, көптү билген, ошону менен бирге кесипкөй, жаратман адистерге болгон муктаждыктарын жоюунун кечиктирилбей колго алынышы;

- илимдин өнүгүшү менен мамлекеттин өнүгүшүнүн бири-бири менен өтмө катар байланышта экендигин таануу - илим тармактары өнүкпөгөн мамлекеттин келечеги жок экендигин, келечеги жок мамлекетте илим тармактары өнүкпөй тургандыгын дайыма эске алуу;

- илимдин бардык тармактарында, инновациялык технологиянын акыркы ачылыштарын колдонууга жетишүү, ошону менен илимий ойдун дүйнөлүк кеңдиги менен бийиктигин өздөштүрүү;

- мамлекеттин коргонуу жана коопсуздук каражаттарын жаратуу, жаңылоо жана толуктоо иштерин өз өлкөбүздүн илимий-өндүрүштүк жана билим берүү негиздерине бекем орнотуу;

- Кыргыз Республикасында асманды, жерди, абаны, сууну, адамды жана коомду дүйнөлүк, заманбап илимий-методикалык негизде изилдөөнүн маанилүүлүгүн эске алып, аларды жолго коюунун ыкчам чараларын көрүү;

- илимий адистерди даярдоо, илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана аларды натыйжаландыруу милдетин аткарган илимий жана билим берүү мекемелеринин иштөө тартибин, методун жана мүмкүнчүлүктөрүн кайра карап, жаңы талаптарды жана таянымдарды киргизүү;

- маданият жана көркөм өнөр маселелеринин өтө татаал, көп түрдүү

*(Уландысы кийинки бетте)*

*(башталышы 7-бетте)*

экендигин эске алып, аларды чечүү жүрүмүн мамлекеттик камкордук, жарандык демилге, коомдук көзөмөл айкалышында жолго коюу;

- көркөм адабият, сүрөт өнөрү, музыкалык чыгармачылык, театр жана кино тармактары боюнча керектүү мыйзам актыларын иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу;

- адабият ишмерлерин: акын, жазуучу, драматург, адабий сынчы ж.б. калемгерлерди орто жана жогорку кесиптик даярдыктан өткөрүү жагын мамлекеттин көзөмөлүнө жана камкордугуна алуу.

### *2. Айлана-чөйрө*

Кыргыз жарандарынын аң-сезимине адам менен жаратылыштын эриш-аркак өнүгө тургандыгы, табияттын аялуу дүйнө экендиги жөнүндөгү түшүнүктөрдү бекем орнотуу менен, төмөнкү милдеттерди аткаруу:

- жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу, ага зыян келтирбегендей этияттык менен пайдалануу;

- өндүрүш жана азык-түлүк калдыктарын заманбап технологияны колдонуу менен кайра иштетүү жагын жолго коюу;

- турмуштук керектөөлөрдө, өндүрүштө жашыл кубат мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга артыкчылык берүү;

- экотутум булактарын коргоо жана аны түзүп турган ар бир көрүнүшкө жана кубулушка аяр мамиле жасоо;

- күчөп бара жаткан климаттык өзгөрүүлөрдүн таасирлерин азайтуу; аларга ылайыкташуу билимин, жүрүм-турум эрежелерин өздөштүрүү.

3. Экономика

Кыргыз Республикасынын Уңгужолунда экономикалык өнүгүүнүн төмөнкү милдеттерин аткаруу:

- менчиктин бардык түрлөрүн бирдей деңгээлде таануу жана аларды мыйзамдарга ылайык коргоо;

- жарандардын салык төлөө маданиятын жана финансылык сабаттуулугун жогорулатуу;

- ата мекендик айыл чарба жана өнөр жай өндүрүүчүлөрдү колдоо жана алардын продукцияларын дүйнөлүк соода мейкиндигине чыгаруу;

- айыл чарба тармагын өнүгүүнүн жаңы нугуна буруу, инновациялык технологиянын жетишкендиктерин пайдаланууга өтүү, бул багыттагы демилгелерди колдоо;

- жеңил жана оор өнөр жай продукцияларын чет өлкөлөргө сатуу (экспорт) менен чет өлкөлөрдөн сатып алуунун (импорт) ортосундагы тең салмаксыздыкты жоюунун башбагытын иштеп чыгуу;

- Кыргыз Республикасынын калкын керектөөчү эл абалынан өндүрүүчү эл деңгээлине жеткирүүнүн башбагыттык мерчемдерин белгилөө жана аны жүзөгө ашыруу;

- колдо бар заттык, финансылык жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрдү сарамжалдуу пайдалануу, ысырапкорчулукка жол бербөө;

- демилгелүүлүктү жана ишкердикти өнүктүрүү, креативдүү экономикага жол ачуу, жашыл экономикага басым жасоо;

- жарандардын аң-сезиминде адал эмгектен баар табуу, башка бирөөнүн байлыгына көз артпоо, мамлекеттик мүлктү өз мүлкүндөй көрүү жана коргоо баалуулуктарын калыптандыруу.

### *4. Мамлекеттик тил*

Кыргыз элинин жарандык аң-сезимин калыптандырууда, өлкөнүн өнүгүшүндө, улуттук маданияттын сакталышында мамлекеттик тилдин орду өзгөчө:

- мамлекеттик тил - Кыргыз Республикасынын Туу, Гимн жана Герби сыяктуу эле мамлекеттүүлүктүн символдорунун бири;

- мамлекеттик тил - Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын орток баалуулугу;

- мамлекеттик тилдин өнүгүшү жана коомдук турмуштун бардык тармактарында дайыма колдонулушу үчүн кам көрүү - ар бир кыргыз жаранынын милдети;

- тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына ылайык толук кандуу колдонулган мамлекеттик тил коомдун биримдигин, социалдык ынтымакты жана өлкөнүн туруктуулугун сактоонун жана чыңдоонун эң маанилүү булагы болуп калат;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилинин макамы тиешелүү мыйзам актылары аркылуу тастыкталган - кыргыз тили корголууга муктаж эмес, колдонулууга гана муктаж. Эне тилди коргоонун жана өнүктүрүүнүн жападан жалгыз жолу аны турмуштун бардык тармактарында кеңири колдонуу болуп саналат;

- кыргыз тилинин маселелерин заманбап технологияларды жана азыркы теориялык-методологиялык жетишкендиктерди колдонуу менен кайрадан изилдөөнү жолго коюу - заман талабы;

- Кыргыз Республикасында мамлекет жана мамлекеттик тил бири-бири менен тыгыз байланыштуу - бири экинчисинин бар болушун жана өнүгүшүн шарттайт.

### *5. Социалдык мамилелер*

Кыргыз коомунун бүтүндүгүн сактоодо социалдык мамилелердин төмөнкү өңүттөрү өзгөчө мааниге ээ:

- кыргыз жарандарынын ар биринин тилине, жашаган жерине, этностук жана уруулук тек-жайына, диний ишенимдерине карабай, бири-биринин тутунган баалуулуктарына өз ара урмат менен мамиле кылуу;

- жарандар арасында ынтымакты жана социалдык ырашкерликти бекем орнотууга жарамдуу улуттук баалуулуктарды жалпы элге жайылтуу жана алардын таасирдүүлүгүн арттыруу чараларын иштеп чыгуу;

- салттуу үй-бүлө баалуулуктарын таануу жана алардын эл, улут, өлкө биримдигин жаратуу жана сактоо күчүн пайдалануу; аны алсыратууга, бузууга багытталган, ичтен жана сырттан жасалган аракеттерге өз убагында бөгөт коюу;

- эл арасындагы диний ишеним жөрөлгөлөрүнө ылайык түзүлгөн мамилелердин мамлекеттин мыйзам актыларына карама-каршы келишине жол бербөө;

- кыргыз салтындагы ата-бабаларды эскерүү, алардын сиңирген эмгегин, калтырган осуяттарын унутта калтырбоо;

- муундар арасындагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн "улууга - урмат, кичүүгө - ызат" таянымын дайыма жандуу тутуу;

- туугандар, достор, кесиптештер жана кошуналар арасындагы өз ара баарлашуу, жардамдашуу баалуулуктарын колдоо.

### *6. Дене тарбия жана спорт*

Жарандардын сергек жашоого жетишүүсүндө дене тарбия менен спорттун мааниси чоң. Бул багытта төмөнкү милдеттерди аткаруу зарыл:

- кыргыз жарандарынын сергек жашоо үлгүсүн жаратуу, аны жайылтууну колго алуу жана көзөмөлдөө;

- жарандардын өз ден соолугуна жана дене тарбиясына жоопкерчилик менен мамиле кылуу маданиятын калыптандыруу;

- жарандардын дени сак болуп, узак жана куунак өмүр сүрүүсү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү;

- жаштарды спорттун заманбап түрлөрүнө шыктандыруу иштерин жайылтууну тиешелүү мамлекеттик мекемелердин туруктуу алып баруусун камсыздоо;

-спорттук тажрыйба жана мүмкүнчүлүктөрдү кимдир бирөөлөрдү басмырлоо, аларга күч көрсөтүү үчүн колдонууга тыюу салуу;

- Кыргыз Республикасында жашаган этностордун элдик спорт түрлөрүн жандандыруу жана анын мыкты үлгүлөрүн дүйнөгө таанытуу;

- кыргыз элин ыкчамдык, шайдооттук, тайманбастык, чечкиндүүлүк, тапкычтык, ойчулдук жана сабырдуулук сапаттарга тарбиялоочу салттуу спорт жана оюн-зоок түрлөрүнүн мыкты үлгүлөрүн жалпы адамзат кызматына сунуу.

### *7. Дин*

Дүйнөлүк диндердин кайсынысы болбосун, кыргыз жарандарынын жүрүм-турум эрежелерин, кесипке жана эмгекке болгон мамилесин, убакытты пайдалануу тартибин, кийим кийүү жана тамактануу табитин, коомдук көнүмүштөрүн калыптандырган маданият, илим, билим жана улуттук нарк институттарынын ишине каршы келбеген жана алардын эч бирине тыюу салбаган учурларда гана, Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын талаптарына ылайык иш алып бара алат, ошондуктан:

*(Уландысы кийинки бетте)*

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

*(башталышы 8-бетте)*

- дин кызматкерлерин мамлекеттин коопсуздугун жана элдин биримдигин сактоо максатында улуттук кызыкчылыктарга төп келген, тиешелүү мыйзам актыларынын талаптарына шайкеш иш алып барууну милдеттендирүү;

- диний билим берүү мекемелеринин жана уюмдарынын окуу пландарында фундаменталдык билимдер менен бирге өлкө тарыхы, улуттук нарк баалуулуктары тууралуу анык, так жана жаңы маалыматтарга негизделген сабактардын болушун, алардын жогорку квалификациялуу адистер тарабынан окутулушун талап кылуу;

- диндердин гуманисттик таалим-тарбия берүү тажрыйбаларына урмат-сый менен мамиле кылуу;

- диний экстремизмге, динге байланыштуу келип чыккан ар кандай чыңалуулардын түрлөрүнө эч качан жол бербөө;

- диндер аралык, же кайсы бир диндин ичинде пайда болгон жамааттардын ортосундагы келишпестиктерди укуктук негизде жоюу;

- Кыргыз Республикасынын калкынын басымдуу көпчүлүгү Ислам дининин ханафий мазхабын (укуктук мектебин) жана матуридий акыйдасын (ишенимин) карманып келгендигине байланыштуу анын элге сиңген, улуттук каада-салт баалуулуктарын жерибеген, коомдогу жат көрүнүштөрдү жоюу жагынан пайдалуу жактарын эске алуу;

- жарандардын дин тандоо, динге ишенүү же ишенбөө эркиндиктерин тиешелүү мыйзам актыларында кандай көрсөтүлсө, ошондой гана өлчөмдө коргоо.

### *V. Кыргыз жери*

Кыргыз жери - көчмөндөр цивилизациясынын алтын бешиги; келечекте ааламдык илимий ачылыштар, дүйнөлүк маанидеги көркөм өнөр чыгармалары жарала турган ыйык жер; улуттук деми барган сайын арта берген нарктуу, айкөл элдин мекени.

Кыргыз жерине бул дүйнөнүн бейиши деген баа бекеринен берилген эмес. Ал ыйык: анын ар бир ууч топурагы каарман ата-бабаларыбыздын канына эчен ирет чыланып, эчен ирет камырдай жуурулган - алар урпактарым ушул куттуу жерде түбөлүк жашасын деп, жанын бергенге, канын төккөнгө кайыл болушкан. Биз ата-бабаларыбыздын көчүн татыктуу улап, ыйык мекенибизди, дайыма көздүн карегиндей сактап, коргоп, өз урпактарыбызга кемитпей, толугу менен өткөрүп берүүгө милдеттүүбүз!

Кыргыз жеринен сызылып чыккан мөлтүр булак сууну ичип, талаасынан өнүп чыккан даны менен азыктанып, аңкыган абасынан дем алып жашап жаткан ар бир адамдын күрөө тамырында биздин ата-бабаларыбыздын каны бар, көөдөнүндө муундан-муунга өтүп келген көрөңгөлүү деми бар. Карт тарыхтын сабактарын эске алсак, биздин өлкөбүздө бөлөк-бөтөн эч ким жок - баарыбыз кандашпыз, бир тууганбыз!

Бул ыйык жерде айкөлдүк өкүм сүрүп, эч бир жан, эч качан, эч кандай себеп менен, эч бир күч тарабынан кемсинтилбейт, басмырланбайт! Анын ээси - биз, кыргыз жарандары, баарыбыз биригип, бул ыйык Мекенибизди жан аябай коргоого дайыма даярбыз! Анын бир чымчым топурагына да, эч ким эч качан көз арта албайт!

Бул дүйнөнүн бейиши атыккан жерибизди ыксыз талап-тонобой, бөөдө ысырапка учуратпай, аяп, сүйүп, акыл-эс менен пайдалануу - баарыбыздын жарандык ыйык милдетибиз. Кыргыз жери - келечек муундарыбыздын эң негизги, түбөлүктүү Алтын казыгы!

Мына ушул куттуу жерди ээлеп турган мамлекет - Кыргыз Республикасы - баарыбыздын эң кымбат, жандан артык байлыгыбыз; аны баарыбыз биргеликте, кажыбас кайрат, талыкпас эмгек менен өнүгүүнүн дүйнөлүк бийиктиктерине чыгарабыз! Куттуу мамлекетибиз - Кыргыз Республикасы бар болгондугу үчүн гана биз барбыз - мамлекетсиз, биз баарыбыз эч жерде эч ким эмеспиз!

### *VI. Кыргыз эли*

Кыргыз эли - жеке өзүнө таандык тарыхый тагдыры бар, миңдеген жылдар бою өз аталышын, мамлекеттүүлүк салтын жоготпой сактап келген, адамзат өркөнүнө орчундуу салым кошкон, дүйнөлүк коомчулук тарабынан таанылган, кайталангыс эл.

Кыргыз элинин тарыхы, алар менен ирегелеш, этномаданий алакада жашаган башка элдердин да тагдырына таасир эткен, адамзаттын коомдук өнүгүү жолун өз тажрыйбалары менен байыткан орток окуяларга бай.

Кыргыз эли заттык жана рухий өндүрүш жагынан кайталангыс натыйжаларды жаратууга жетишкен: турак жайы, кийим-кечелери, тамак-ашы, аваздык аспаптары, улуттук оюндары, кол өнөрчүлүгү, чарбасы, дүйнөдө теңдеши жок элдик оозеки чыгармалары - баары көчмөндөр цивилизациясынын кайталангыс эстеликтери.

"Манас" үчилтиги - кыргыз элинин демин, социалдык жана тарыхый эс тутумун, дүйнөтаанымын жогорку көркөмдүктө чагылдырып, элдин этномаданий уңгусуна жана өзүн-өзү таануусунун түпбелгисине айланган улуу эпикалык мурас. Манас баатырдын айкөлдүгү, дем-кубаты кыргыз эрлерин азыркы кезде да жаңы бийиктиктерди багынтууга, жаңы эрдиктерди жасоого, жаңы ийгиликтерди жаратууга шыктандырып турат.

Манастан калган айкөлдүк - кыргыз мүнөзүн калыптандыруунун эң башкы үлгүсү, дүйнө эли али толук тааный элек, кайталангыс, идеалдуу адам модели. Айкөлдүк - кыргыз элинин жалпы адамзаттын акыл казынасына тартуулаган, тагдыр өзгөртүүчү, тарых жаратуучу улуу белеги. Дүйнөнү, ал турсун ааламды, айкөлдүк гана куткарат!

Кыргыз эли - кыйын кырдаалдарда тайманбастык менен түп көтөрүлө чыгып, биримдиктин жана уюшкандыктын кайталангыс өрнөктөрүн дүйнөгө көрсөтүп келген эл. Ал ата-бабанын акыл-насааттарын уңгужол тутуп, табият менен ырашкерликте, кошуна элдер менен жылуу мунасада жашайт, ошону менен бирге, басып келген душмандар менен айыгышкан күрөшкө чыгууга, жеңишке жетишүүгө дайыма даяр турат.

Кыргыз жаранынын нарк өзөгүн адилеттүүлүк, калыстык, ой эркиндиги, жаратмандык, чыдамкайлык, сабырдуулук жана боорукердик түзөт; ал эч качан эч кимди кемсинткен эмес, ал эми өзүн кемсинткендердин татыктуу жообун дайыма берип келген.

Кыргыздар - байыркы доордон бери Улуу Жибек жолунун боюн, Чыгыш менен Батыштын баалуулуктары айкашкан жерлерди конуштап, алардын маданий таасирлерине дуушар болсо да, өз маданиятынын нукуралыгын жоготпой сактап, баба наркын бийик туткан эл.

Кыргыздар эч бир элден жатыркабайт, өлкөсүндө ирегелеш жашап жаткан этностордун тилине, салтына, динине, сырткы келбетине карата эч качан өгөйлөбөйт, алардын баарын өзүнүн бир бөлүгү катары эсептеп, биздин эл деп атайт. Кыргыз инсанынын эң жек көргөн душманы - этностук эгоизм жана жикчилдик.

Кыргыздар табигый жана социалдык өзгөрүүлөрдү тез кабыл алып, ыкчам өздөштүрүп жана ылайыкташып, аларды улуттук негизде сиңирип алып, жашоо-турмушунда колдоно алган ийкемдүүлүгү менен айырмаланат. Ал өзүнүн таланттуу жарандары, ээлеп турган мекени, бай тарыхы, жараткан маданий мурастары жана улуттук нарк баалуулуктары менен кайталангыс.

Кыргыз эли - келечектин эли, анын жалпы адамзатка тартуулай турган улуу белектери али алдыда!

### *VII. Улуттук сыймык жана жарандык мекенчилдик*

Өбөлгөлөр жана тобокелдиктер

Улуттук сыймык элдин тарыхын, тилин, маданиятын жана салттуу баалуулуктарын таанып-билүүдөн, аларга урмат менен мамиле кылуудан башталат. Эгемен мамлекеттин ээси болуу - ар бир жарандын улуттук сыймыгынын башкы булагы. Улуттук сыймык келечек үчүн кам көрүү милдети менен жоопкерчиликти бирдей моюнга алуу сезимдеринин айкалышында жаралып бекемделет.

Жарандык мекенчилдик кыргыз элинин өзүн-өзү таануусун урматтоо, анын тарыхы, тили, маданияты жана нарктуулугу менен сыймыктануу шартында калыптанат. Жарандык мекенчилдик сезими ар бир жарандын аң-сезиминде орун албаса, эл биримдиги ыдыроо жана бөлүнүү

*(Уландысы кийинки бетте)*

*(башталышы 9-бетте)*

коркунучуна дуушар болот.

Кыргыз элинин өзүн-өзү таануусун, бирдейлешүүсүн сактоо жана бекемдөөгө шарт түзүү коом ынтымагын камсыздап гана тим болбостон, улуттук биримдикти, маданий көп түрдүүлүктү жана жарандык сабырдуулукту өнүктүрүүгө да өбөлгө түзөт.

Жарандык мекенчилдикти калыптандырууда улут билгелеринин орду чоң. Ар бир жаран элге, Мекенге кызмат кылууда төмөнкү милдеттерди аткаруу менен гана улуттун сыймыгына айланып, улут билгеси боло алат:

- жарандардын улуттук аң-сезимин калыптандыруу жүрүмүндө үлгү катары кызмат өтөө, коомдун өнүгүүсү үчүн жаңы идеяларды берүү, жол көрсөтүү;

- дүйнөлүк масштабдагы өзгөрүүлөрдү талдоо менен алардын ичинен улуттук кызыкчылыкка төп келген натыйжаларды ылгап алуунун жолдорун сунуштоо;

-улуттун биримдигин чыңдоодо, жаштарды улуттук нарк баалуулуктары менен тарбиялоодо өрнөк көрсөтүү.

Аң-сезиминде жана иш-аракеттеринде аймактык, этностук, уруулук, диний чектелүүлөрдүн таасири алдында калып, жалпы улуттук деңгээлге көтөрүлө албаган, Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларына шек келтирген инсандар улут билгеси боло албайт.

Мекенчил кыргыз жараны - элге кызмат кылуу дараметине, заман талабына ылайык билим жана кесипкөйлүккө ээ, эркин ой жүгүртүп, өз алдынча туура чечим чыгара алган, максатына жетүүдө ар кандай тоскоолдуктарды жеңе билген, эрки бекем, өз мекенин, элин чексиз сүйгөн инсан.

### *VIII. Кыргыз жаранынын негизги баалуулуктары*

Кыргыз жараны - баалуулук, ишеним, таяным жана идеалдар тутумунун жандуу алып жүрүүчүсү; үлгүлүү жүрүм-турум ченемдерин күндөлүк жашоо тартибине айландырган адам:

***- кыргыз жаранынын эң башкы баалуулуктары анын мекени, эли жана мамлекети - Кыргыз Республикасы;***

***- жарандардын Кыргыз Республикасын жана анын мамлекеттик символдорун ыйык туткан жогорку, кайталангыс аң-сезим деңгээли;***

***- адамдардын кандай шартта болсо да, жарандык мекенчилдик таянымдарынан тайбаган туруктуулук, шертке бектик сапаттары;***

***- коом мүчөлөрүнүн кыргыз жараны болгондугу үчүн сыймыктануу, шыктануу сезимдери менен коштолгон көтөрүңкү деми жана жаратмандык маанайы;***

***- адам, үй-бүлө, коом, мамлекет жана алардын учурдагы абалына, келечегине салттуу жана заманбап таалим-тарбиянын негизинде калыптанган жогорку жоопкерчилик сезими;***

***- улуттук нарк баалуулуктарына сый-урмат менен мамиле жасоо жана алардын жандуу тутунуунун салттуу, жаңычыл чаралары;***

***- улуттук жана этномаданий түпбелгилер, бай жана жандуу тарыхый, социалдык эс тутум;***

***- адилеттүүлүк, теңдик, ар-намыстуулук жана абийирдүүлүктү сактоодогу бекемдик, таянымдуулук жана майтарылбастык;***

***- маданияттуулукту, адамгерчилик сапаттарды жана айкөлдүк мүнөздү дайыма урматтоо;***

***- доско жумшак, тууганга боорукер, душманга катаал мүнөзү, адамдардын арасында тынчтыкты, мунасалуулукту сактоого дайыма умтулган адаты;***

***- адамга жасалган көсөмдүк мамилеси: "жакшылыкка жакшылык - ар кишинин иши, жамандыкка жакшылык - эр кишинин иши, жамандыкка жамандык - тар кишинин иши, жакшылыкка жамандык - көр кишинин иши" деген көөнөрбөс таянымы;***

***- ар кыл себептер менен өмүрү коркунучта калган адамдарды, ким экенине карабай, сөзсүз куткаруу үчүн өз өмүрүн тобокелге сала билген гуманисттиги, эр жүрөктүк мүнөзү;***

***- адал эмгек өтөөгө, өлкөнүн саясий-экономикалык жана коомдук иштерине жигердүү катышууга дайыма даяр тургандыгы;***

***- билим алууга, өнөр-кесип үйрөнүүгө, инновациялык технологияны өздөштүрүүгө болгон чексиз умтулуу өзгөчөлүгү жана аларды өздөштүрүүгө болгон жөндөмдүүлүгү;***

***- жаратылыш байлыктарын кылдат, сарамжалдуу, аяр пайдалануу жана табият менен ырашкерликте жашай билүү маданияты.***

### *IX. Чакырык*

Кыргыз эли өзүнүн 3000 жылдык тарыхында кээде жылдызы жанып каганат курса, кээде мамлекеттүүлүгүнөн ажырап, көз каранды абалга дуушар болгон. Ушул кезге чейин сакталып келишине, кайрадан өзүнүн эгемендүү мамлекетине ээ болушуна элдин өзү түптөп өнүктүргөн көөнөргүс баалуулуктары, кулк-мүнөзү, бекем турмуштук таянымдары, уңгулуу жолунан тайбаган нарктуулугу негиз болуп берди.

Өзүнүн дүйнө тарыхындагы ээлеген ордун түбөлүк коргоп калууну көздөгөн кыргыз эли, тутунган уңгулуу жолунан, улуттук деминен жазбай, келечекке ишеним менен карап, жеке өзү гана эмес, азыркы тынымсыз өзгөрүлүп, кооптуу болуп бара жаткан дүйнөдөгү жалпы адамзат коому үчүн да өтөшү керек болгон вазипаларынын бар экенин моюнга алышы керек. Кыргыз болуу тарыхтын жүрүшүн артынан акмалап, ээрчип жашаган элдердин бири бойдон калуу эмес! Кыргыз болуу - ата-бабасы кандай болсо дал ошондой, атырылып алга чыгуу, тарых жаратуу, дүйнөнү деми менен талыкпай өргө сүрөө деген сөз!

Кыргыз Республикасынын мамлекет катары ыкчам жана туруктуу өнүгүүсү үчүн анын бардык жарандарынын, адегенде соңку он жылдыктарда пайда болгон зыяндуу адаттардан, өнөкөткө айланган терс көрүнүштөрдөн, негизсиз ишенимдерден, түшүнүктөрдөн жана идеологиялык түркөйлүктөн, сырткы жагымсыз таасирлерден биротоло арылып, андан соң ички мүмкүнчүлүктөрдү жана каражаттарды акылмандык менен колдонууга өтүүсү кажет. Ой-пикири, дили арууланбаган адамдар байлыктын эч бир түрүн туура, пайдалуу колдонууга жана анын турмуштагы маанисин жеткире түшүнүүгө жетише албайт.

Бардык кыргыз жарандарынын эркин жана бактылуу өмүр сүрүүсү, социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий турмуш жүрүмдөрүнө жигердүү катыша билүүсү үчүн керектүү шарттар түзүү жолунда баратабыз. Социалдык өнүгүүнүн мындай деңгээлине эгемендүүлүктү туу тутуу, коомдогу маданий көп түрдүүлүктү сактоо, сабырдуулук таянымдарын кармануу, нарктуулукту аздектөө жана талыкпай эмгектенүү жолдору менен гана жетишүүбүз мүмкүн. Буга элибиз да, мамлекетибиз да толук даяр.

Мындай жагымдуу кырдаалды жаратуу жана аны сактап туруу тилеги ар бир кыргыз жаранынын жүрөгүндөгү өз өлкөсүнө болгон сүйүү жана аны менен сыймыктануу сезимдеринен келип чыгат. Ушунун өзү Кыргыз Республикасынын күрдөөлдүү өнүгүү жолуна түшүшүнө, келечекте гүлдөп-өскөн өлкөгө айланышына, өндүрүштүн бардык тармактары боюнча дүйнөлүк бийиктиктерди багындырышына, элинин бардар жана бактылуу турмушта жашашына алып келет.

Кыргыз жаштары дүйнөнүн көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрүндө эмгектенүү менен, ал өлкөлөрдүн чарба жүргүзүү, өндүрүш түрлөрүн жаратуу, маданий жаратмандык тажрыйбаларын өздөштүрүп, өз өлкөсүн өнүктүрүүнүн камылгасын көрүп келишет. Кыргыз эли өзүнүн улуттук деми жана дүйнө элдеринин тажрыйбаларын өздөштүргөн мына ушул мекенчил жарандары менен бирге дүйнөлүк бийиктиктерди багындырат.

Кыргыз Республикасын бардык жеңиштерге жана жакшылыктарга анын калкынын ынтымагы, жарандарынын намыскөйлүгү, элинин нарктуулугу, улутунун деми, бийлигинин адилеттиги, жалпы журтунун кужурмөндүгү, албетте, дүйнөнүн тынчтыгы жеткирет! Улутубуздун деми менен ургаалдуу өнүгүү жолуна түшөбүз!Улутубуздун деми менен өндүрүштүн бардык тармактарында дүйнөлүк бийиктиктерди багындырабыз!

**КРнын пезидентинин сайтынан алынды.**

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ОКУТУУЧУЛУК – СЫЙМЫКТУУ КЕСИП



Ысмайылов Садык агай 40 жылдан ашуун өмүрүн агартуу тармагына арнап, англис тили сабагынан окутуучу болуп эмгектенет. Ал Озгур айылында төрөлүп, орто билимди айылдык метептен алган. Андан кийин аскердик кызмат өтөп, ошол мезгилдеги Ош педагогикалык институттун англис тили жана немец тили адистигине тапшырып, ийгиликтүү аяктаган. Окуу жайды аяктаган соң талапка ылайык Лейлек районунда эмгектенет. Эки жылдан сон айылына келип, орто мектепте иштеп, 1980-жылы ОшМУга жумушка орношкон. Арада Агахан фонду менен да иштешип, Пакистандын Карачи шаарында билимин өркүндөтүп келген. Андан соң Агахан мектебинде да эмгектенген.

ОшМУнун улук окутуучусу быйыл 70 жаштын чайын ичип, студенттерге билим берип келет. 40 жылдан ашуун убакыттан бери педагогика тармагында эмгектенип, жубайы экөө жети кызды тарбиялап, өстүргөн. Кыздарын баарын жогорку билимдүү кылып, ата кесибин улантып, эки кызы мугалимдик кесипти аркалаган.



## ЖАКШЫЛЫКТЫН ЖАРЧЫСЫ БИЗДИН АГАЙ

Мен 1989-жылы ОшМУнун чет тилдер факултетинде окууга тапшырдым. Садык Ысмайылов агай айылдан жаңыдан келген учурда бизге куратор болуп, сабак берип окутуп калды. Ошол мезгилде бизге жаныннкүйдүрүп, орус тилинен кыйналганыбызда түшүнүү менен жакшы айтып окутту. Агай заман өзгөргөн сайын ар тараптуу билим алып, талапка ылайык окуу ыкмалары менен жаштарды билим менен суугарып келет. Бул агайдын чыныгы педагог экендигинин айкын далили десем болот. Садык агай эч качан каттуу айтпай, сылык-сыпаа үйрөтүп, өзүндүн изденүүнү талап кылат. Биздин студенттик мезгилдерде маянанын аздыгына карабай, студенттерди өз баласындай көрүп окутту. Бул студенттин ар тараптуу өнүгүшүнө шарт түзөт. Биз ар дайым агай менен байланышта болуп, дагы деле кеңеш алып келебиз. Мен агайдан көп адамдык сапаттарды, педагогдук өзгөчөлүктөрдү алдым десем болот. 70 жаш мааракеси менен чын дилден куттуктайм! Агайдын берген билими, адамдык сапаты ар дайым мени жакшылыктарга жетелеп келет.

Кылычбек ЭРКИНБЕКОВ, Кыргызстан Эл Аралык Университетинин Бишкек Инновациялык колледжи мекемесинин директору. Философия илимдеринин кандидаты, доцент.

## АГАЙДАН БИЛИМ АЛГАНЫМА СЫЙМЫКТАНАМ

Агайым бизге мыкты билим берди. Студент деген түшүнүктү таанытты. Окууга болгон дилгирликти, өзүңө талап коюуну, мекенчилдикти үйрөттү. Англис тилин мыкты деңгээлде үйрөтүп, бизди кесипке жана чыныгы адамдык сапатты калыптандырды. Биз группабыз боюнча агайдын сабагына шашчуубуз. Себеби, анын кичи пейилдиги, студенттерди өзүнө тарта билген өзгөчө касиети бар адам. Биз кайсыл жерде болсокда агайдын бизге берген билими биз менен муундан муунга улана берет. Мен Садык агайдан билим алганыма сыймыктанам жана ыраазычылыгымды айтам.

Махабат АЛИШОВА, филология илимдеринин доктору, профессор.

## САДЫК АГАЙ ЧЫГЫНЫ ПЕДАГОГДУН ҮЛГҮСҮ

Садык агай 40 жылдан ашуун убакытта көптөгөн студенттерге өзүндө бар билими, тарбиясы менен бөлүштү. Мугалим мөмөлүү дарак деген макал дал эле агайга айтылгандай. Себеби, ар бир студентке өз баласындай мамиле кылып, жүрөктөн орун алган мугалим. Кыргызстандын булуң-бурчунда эмгектенген студенттери агай жөнүндө жакшы пикирин айтышып, мыкты билим бергенин эскеришет. Бул мугалим үчүн чоң олжо жана өрнөктүү өмүр өткөргөндүгүнүн белгиси эмеспи.

Сыдык агай, күндүз сабак окутса, кечинде өз билимин өркүндөтүп, ар дайым изденүүнүн үстүндө болду. Көптөгөн окутуулардан өтүп, Пакистандын Карачи шаарында да билимин өркүндөтүп келди. Бул тажрыйба мыкты адистерди даярдап чыгаарына шарт түздү. Көптөгөн чет өлкөлөрдө конференцияларда мазмундуу сөз сүйлөп, өзүнүн чыныгы педагогдугун көрсөтүп келди.

Жакында 70 жаш мааракеси белгилөөнүн алдында турат. Чыныгы, жөнөкөй педагогдун үлгүсү дал эле Садык агайга таандык. Негизги өзгөчөлүгү ар бир студент менен дос болуп, акырындык менен жан дүйнөсүн жылытып, тил гана үйрөтпөстөн, турмуштук туура багытты көрсөтүп, жарыгын чачып турат. Агай, ар дайым ушундай темпте эмгектенишин каалайм. Кутман курагыңыз кут болсун!

Олжобай ШАЙЫМКУЛОВ, Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун директору.



# ОШМУДАГЫ АЛДЫҢКЫ 10 ОКУТУУЧУ КИМ?

***Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингинин жыйынтыгында Ибрагим Атабаев эң көп – 313 упай менен мыкты деп табылды. Ал Медицина факультетинин нормалдуу физиология, патологиялык физиология жана фармакология кафедрасынын доценти.***

***Рейтинг атайын жобонун негизинде университеттин окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү тарабынан жүргүзүлдү. Ага жеке баракчаларын толтурган 2299 профессордук-окутуучулук курам катышты. Мында атайын эксперттик комиссия түзүлдү. Анда катышуучулардын окуу-усулдук ишмердүүлүгү боюнча студенттердин өз алдынча иштерин жетектөө, алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу, жарык көргөн басылмалар, квалификацияны жогорулатуу, баарлашуу тилдерин билүү, эл аралык тажрыйба алмашуу, коммерциялизациялоо, предметтик олимпиадаларга, сынактарга, мелдештерге студенттерди даярдоо, насаатчылык сыяктуу критерийлер каралган.***

***Ошондой эле коомдук-уюштуруу иштери боюнча окуу-усулдук бирикменин алдындагы тармактык комитеттерде иштөө, маданий-массалык, спорттук иш-чараларга катышуу, кошумча кызматтык милдеттерди аткаруу, жумушчу топтордо иштөөсүнө көңүл бурулду. Жыйынтыгында университеттеги эң мыкты окутуучулардын ондугу түзүлдү.***

Алар:

1. Атабаев Ибрагим Насырович, Нормалдуу физиология, патологиялык физиология жана фармакология кафедрасынын доценти, м.и.к. 313 балл.

2. Субанова Гулжамал Арстаналиевна, Клиникалык дисциплиналар 2 кафедрасынын доценти, м.и.к. 300 балл.

3. Кожомбердиева Каныкей Мамасалиевна, Психология кафедрасынын улук окутуучусу 269,0. балл.

4. Ешиев Абдыракман Молдалиевич, Хирургиялык стоматология жана балдар хирургиялык стоматологиясы курсу менен кафедрасынын профессору, м.и.д. 266, балл.

5. Эркебаев Улукбек Зайирбекович, Колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. 265 балл.

6. Жутанова Гульмира Атанбековна, Педагогика кафедрасынын доценти, п.и.к. 264 балл.

7. Момунова Айгуль Абдыкеримовна, Патология, базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын доценти, б.и.к 261 балл.

8. Абдирасулова Жайнагуль Абдирасуловна, Клиникалык дисциплиналар 2 кафедрасынын доценти, м.и.к. 260 балл.

9. Кочконбаева Сонаим Исмаиловна, Факультеттер аралык чет тили кафедрасынын улук окутуучусу, ОшМУнун доценти 255,5 балл.

10. Шарипова Мастурахан Сайпидиновна, Россия жана Евразия интеграциялоо бөлүмүнүн доценти, п.и.к. 254, 5.балл.

11. Мамарасул кызы Минура, Клиникалык дисциплиналар 3 кафедрасынын окутуучусу 253 балл менен алдыңкы ондукка киришти. Мыкты аталган окутуучулар атайын өз тажрыйбалары менен бөлүшүп, мугалимдерге семинарларды уюштурушууда.

«ОшМУнун заманбап лектору» жана «ОшМУнун заманбап окутуучусу» сынагынын жеңүүчүлөрү Бурулча Койлубаева менен Айниса Айтиева окутуучуларга семинар өтүп беришти.

Алар заманбап билим берүү тенденциялары, интерактивдүү окутуу усулдары жана студенттердин активдүүлүгүн арттырууга багытталган ыкмалар боюнча маалыматтарды берип, тажрыйбалары менен бөлүштү. Иш-чара жандуу пикир алмашуу менен өтүп, сунуш-пикирлер берилди.

Окутуунун максаты – мыкты педагогдордун окутуудагы инновациялык ыкмаларын жайылтуу, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана окутуучулардын кесиптик чеберчилигин өнүктүрүү болуп саналат. Семинарды Ош мамлекеттик университетинин Окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү алдыңкы тажрыйбаларды жайылтуу иштеринин алкагында уюштурду.

**ОшМУ пресс**

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# ИМАМ САРАХСИЙ ИСЛАМ ДИНИН УЛУУ ААЛЫМЫ






1000 жылдан бери улуу эмгектери менен мусулмандарга нур чачкан, жарык жол көрсөткөн Ханафий мазхабынын улуу аалымы Имам Сарахсийди Ислам дининин нуру катары баалашат.

Имам Сарахси Ханафи мазхабындагы алдыңкы аалымдардан болгон. Бул мазхаб жөнүндө эбегейсиз зор эмгектерди мурас калтырган. Ал көптөгөн шакирттерди даярдаган жана көптөгөн имамдар андан билим алышкан. Башка аалымдардан айырмаланып, анын күчтүү билими, теңдешсиз эмгектери адамдардын жан дүйнөсүнө жарык чачып, ааламга күндүн нуру сыяктуу чачырап тургандыгы үчүн замандаштары аны күнгө, күндүн нуруна теңеп, "Шамсул Аимма" же "Имамдардын күнү" аттуу лакап ат ыйгарышкан.

Ал "Аль-Мабсут" сыяктуу эмгектерди калтырып кеткен ушундай даңазалуу аалымдын 1000 жыл илгери биз менен мекендеш болуп жашап, Кыргызстандын Өзгөн шаарында Ханафий мазхабынын негизин түзгөн улуу эмгектерди жазып кеткендиги дүйнө мусулмандарынын алдында биз үчүн чоң сыймык жана анын эмгектери ошол күндөн бүгүнкү күнгө чейин Ханафи мазхабын даңазалаган эмгектердин эң далилдүүсү, эң улуусу болуп келе жатат.

Имам Сарахси 1009-жылдары (хижрий 400-жылдары) жашап өткөн, Караханий доорунун аалымы болгон. Анын балалык чагы жана үй-бүлөсү жөнүндө 10 жашында соода-сатык кылган атасына шерик болгондугу жөнүндө гана маалымат бар. Мамлекет башкаруучулары менен аалымдардын ортосунда келишпестиктер, талаш-тартышуулар жүрүп турган Караханиддердин өкүмдарлыгы учурунда жашаган Ас-Сарахсинин өмүрү көбүнчө көчмөндүк жашоо менен өтүп, ошол эле учурда бир жагынан кресттүүлөрдүн жортуулу, экинчи бир жагынан кичине өлкөлөргө айланып талкаланган Ислам ааламында күндө-күнгө адилетсиздик менен салыктар көбөйүп, ызы-чуулар чыгып турган убакка туш келген. Адамды таң калтырган күчтүү эс-тутумга ээ болгон Имам Сарахси ошол мезгилде жашап турган Өзгөн шаарында зынданга алынган. Күчүнүн жетишинче, жокчулукка карабай, мүмкүнчүлүгүнө жараша чыгармаларын ушул терең зынданда жазган. Бир дагы китепке карабай, даярданбай туруп эсинен зындандын жогору жагында турган окуучуларына «Аль-Мабсут» чыгармасын жаздырган. Анын башка «Усуулул Фикх», «Шархус Сиярул Кабиир», «Зиядатуз Зиядат», «Шарху Жамиис Сагиир», «Шарху Жамиил Кабиир» чыгармаларын жазган.

Бүгүнкү күндө да ислам аалымынын китептери баалуу саналып, изилдөөлөр жана атайын иш-чаралар өткөрүлүп келет. Жакында ОшМУда III эл аралык Сарахси симпозиуму болуп өттү. Салтанаттын ачылышы Өзгөн шаарындагы Сарахсинин күмбөзүн зыярат кылуу менен "Имам Сарахсий" билим берүү борборунун курулушуна расмий старт берилди. Куран окулуп, курулуштун символикалык башталышын билдирген мезгил кутусу салынды. "Имам Сарахсий" билим берүү комплекси Түркиянын ГАЙЭ фонду тарабынан каржыланып, заманбап талаптарга жооп берген билим берүү жана социалдык объектилерди камтыйт.

***-Борбор жаштарга билим жана илимде жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат.***



***Курулушта заманбап технологиялар колдонулуп, билим берүү жана социалдык жайларды бириктирген уникалдуу комплекс болуп курулат***-деди Туркиядан келген профессор Жеват Акшит.

Симпозиумдун экинчи күнүндө ОшМУда илимий конференция уюштурулуп, ректор Кудайберди Кожобеков сөз сүйлөп, бул симпозиумдун кыргыз теология илиминин өнүгүшүндөгү маанисин белгиледи.

-"Имам Сарахси сыяктуу улуу мурастардын изилдениши — ислам илиминин тарыхый тамырларын терең түшүнүүгө, азыркы коомго руханий жана укуктук баалуулуктарды жеткирүүгө өбөлгө болот. Сарахсинин өмүр жолу бул сабырдын, билимге берилүүнүн жана ишенимдин чыныгы үлгүсү", — деди Кожобеков.

Симпозиумга Дин иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча улуттук агенттиктин төрагасы Азамат Юсупов, "ГАЙЕ" фондунун башкаруу кеңешинин төрагасы, профессор Мустафа Жеват Акшит, фонддун төрагасы Мехмет Акшит, Памуккале университетинин ректору Махмуд Гүнгөр, Кыргызстан муфтийи Абдулазиз кары Закиров, ОшМУнун илимий иштер жана инновация боюнча проректору Элзарбек Эшаров, дин аалымдары, окумуштуулар катышышты. Эске салсак, ОшМУ менен Туркиянын жогорку окуу жайлары менен келишимдер бар.

**ОшМУ пресс**

# Үч бурoo, жалгыз тээк, үч кыл комуз, Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз…

*Жаңыл айымдын чебер колдору 5 жашынан бери комуз кармап, ар кандай күүлөрдү чертүү менен музыка дүйнөсүнө аралашкан. Аккан арыктан суу агат демекчи ата-бабасынан калган улуу мурасты улантып, телерадиодон уккан күүлөрдү чертип жаштайынан таланты менен тааныла баштаган.*

*Атабаева Жаныл ОшМУнун искусство факультетин улук окутуучусу, чебер комузчу,ыр күүлөрдүн автору, республикалык, эл аралык сыйлыктардын ээси, лауреаты. Комузчу айымды чыгармачылыгына кайрылып, азык-оолак кепке тарттык.*







Мен Кара-Кулжанын кызымын. Айылым Ылай-Талаада балалалыгым өттү. Чоң атам, атам таланттуу, комузда кол ойноткон кишилер болушкан. Үй бүлөбүздө көп кыз төрөлүп, менден кийин уул төрөлгөн. Буга атам аябай кубанып, өмүр бою мени жакшылыктын жарчысындай мамиле кылып, аярлап өстүрдү. Бул мээрим, сүйүү мени ата өнөрүн улап, комузга тагдырымды байлашыма да себеп болду. Окуучулук кезимден баштап, мектептеги иш-чараларда, сынактарда активдүү катышып, 1991-жылы Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтун жана 2013-жылы кыргыз улуттук консерваториясынын түштүк филиалында комуз классын бүтүрдүм. 1991-жылдан бери Ош мамлекеттик университетинде эмгектенип келем. Андан сырткары мамлекеттик ири иш-чараларда шакирттерим менен барып кыргыздын керемет күүлөрүн жаңыртабыз.

## МЕНИН АТКАРУУМДАГЫ КҮҮ ПОЛЬШАДА АЛТЫН ФОНДУНА ЖАЗЫЛГАН

Мен жаштайыман күү менен чоңойгондуктан студенттик күндөрүмдө да кыйналбадым. Чет мамлекетке ар кандай иш-чараларга бардым. Польшада өткөн кароо-сынакка катышып, автордук күүмдү аткарып, көптөгөн мамлекеттен мыкты күүлөр алтын фондко жазылган. Алардын арасында менин аткаруум да бар эле. Бул мен үчүн чоң жетишкендик болгон. Ар бир күүнүн өз тарыхы бар. Мен кайсы күүнү аткарбайын ошол тарыхта, окуяда, кайрыкда жашайм. Ошол сезимдерди башымдан өткөрөм ошондон кийин гана эл жакшы кабыл алат. Дагы менин бир жетишкендигим алгач атаман устат катары сабак алып, анан улуу комузчу Чалыгыз Исабаевден сабак алып калганым болду. Улуу комузчу Самара Токтоакунованын да ак батасын алып, жылуу пикирин уктум. Адамдагы бир пайыз талантка 99 пайыз аракет зарыл. Менда колумдан келишинче комуздун сырларын өздөштүрүп, керемет ыргактарды жаратууга аракет кылдым.

## КОМУЗ СЫЙКЫРДУУ АСПАП

Комузду колума кармагынымда дүйнөм түгөл боло түшөт. Жаратканым ар бир инсандын ырыскы бактысын бир кесипке же бир нерсеге байлап, шыктуулукту берет экен. Мени болсо ушул комузга байлаган экен. Себеби, жаштайыман көпкө кармабай калсам бир нерсемди жоготконсуп, өзүмдү алсыз сезе берем. Кээде ушундай бир эргүү келип, тим эле асманга учусун ошондой учурда өзүмдүн автордук ыр күүлөрүмдү да жараткам. "Санжырга", "Суу төгүлбөс сур жорго", "Күлүк", "Балама", "Кыз жигиттер айтышы", "Жашоо кайрыктары", "Туруктуулук"-деген күүлөрүмдү шакирттерим аткарып жүрөт.

## КЫРГЫЗДЫН КОМУЗЧУ ЭРКЕ КЫЗЫМЫН

Жаштайымдан бери да талбаган эмгектеримдин артынан бир топ ийгиликтерди багынтып, көптөгөн Эр аралык, республикалык биринчи даражадагы диплом, Ардак грамоталар, алкыш,

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

ыраазычылык каттарды алдым. мамлекеттик бир топ сыйлыктарга жеттим. Кайсыл жерге барбайын, кандай кароо-сынак болбосун кур кол келбедим. Студенттик мезгилден баштап эле Шыктуу комузчу аталып, Ардак грамоталар менен сыйландым. .

2014-жылы - КРнын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги "Ардак грамотасы"

2015-жылы КРнын Билим берүү жана илим министрлиги "Төш белгиси".

2016-жылы Казакстан республикасы , Кыргыз этносунун тили, маданияты жана салттык достук күнүнө карата 1- даражадагы "Диплом".

Андан сырткары "Салтанат" фольклордук тобу менен биргеликте "Казакстан халктары бирлиги күнүнө карата диплом, Кыргыз –Кытай достугуна арналган чоң масштабтагы иш чарага жигердүү катышкандыгым үчүн биринчи даражадагы "Диплом" ыйгарылды. Түндүк Америка жазуучулар союзунун лауреаты, Казахстан " Дүйнөлүк таланттарынын союзунун" онлайн конкурсунун I - даражадагы дипломдун ээси болдум. Ошондой эле Польша талантарынын союзунун мүчөсүмүн, Аргентина өлкөсүнүн Чако шаарында өткөн онлайн конкурсуна катышкандыгы үчүн алтын сертификатты менен сыйландым. Дагы жазуучулар жана чыгармачыл инсандардын эл аралык бирлигине мүчө болуп, көптөгөн өлкөлөр менен чыгармачылык байланыштабыз. Булардын баары ак эмгектин арты менен деп айта алам. Көптөгөн эл аралык кароо-сынактарда кыргыздын улуттук асбабын даназалап, маданият тармагында кызмат кылып келе жатам. Кудайга шүгүр шакирттерим да эл аралык кароо сынактарда өздөрүн мыктылыгын көрсөтүп жатышат. Негизгиси улуу мурас болгон күүлөрдү муундан муунга жеткирүү миссиямды так аткарып жатам.



***Жаңыл айым ар дайым салтантуу иш-чараларда жаркылдап, комузун колго алып, окуучулары, шакирттери менен кечени шаңга бөлөп келет. Ал эми алган сыйлыктары, жасаган эмгектери айтып кыргыз маданиятында орду бар. Эми алдыда КРнын маданиятына эмгек сиңирген артист наамын алышыңызга тилектештигибизди билдиребиз.***

# БЮРОКРАТИЯСЫЗ ИЛИМ: ИЗИЛДӨӨЧҮЛӨРДҮ АТТЕСТАЦИЯЛООНУН ЖАҢЫ ЭРЕЖЕЛЕРИ БЕКИТИЛДИ

***Кыргызстандын Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлиги маалымдагандай, Министрлер Кабинети илимий жана илимий-педагогикалык жогорку квалификациядагы кадрларды аттестациялоо тармагын жөнгө салуучу жаңы ченемдик актыларды бекитти.***

***Бул өзгөрүүлөр илимий аттестация системасын реформалоонун маанилүү кадамы болуп, анын негизги максаты — процедураларды жөнөкөйлөтүү, илимий изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу жана кыргыз илимин эл аралык мейкиндикке интеграциялоо болуп саналат.***

## САНДАН САПАТКА КӨҢҮЛ БУРУУ

Эми илимий эмгектерди жарыялоо боюнча жаңы талаптар киргизилди. Изилдөөчүлөрдүн макалалары Scopus, Web of Science жана РИНЦ сыяктуу эл аралык маалымат базаларында жарыялануусу зарыл. Бул талап кыргыз окумуштууларынын жана жогорку окуу жайларынын эл аралык рейтингдердеги ордун бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

## КОРГОО ТАРТИБИН ЖЕҢИЛДЕТҮҮ

Мурдагыдай талапкерлер үчүн татаал жана эскирген этаптар — кандидаттык минимумдар, кайталаган экспертизалар жана президиум тарабынан кошумча бекитүү — жоюлду.

***Эми диссертацияны коргоо төмөнкү тартипте өтөт:***

- ВАКтын (Жогорку аттестациялык комиссиянын) расмий сайтында коомдук талкуу жүргүзүлөт;
- Коргоо өткөрүлө турган жерде эксперттик жыйын өтүп, коомдук талкуунун жыйынтыктары жана адистердин пикирлери эске алынат.

Бул өзгөрүү процессти ачык, заманбап жана реалдуу илимий баалоого багытталган формага өткөрөт.

## КОРГОО МӨӨНӨТТӨРҮНДӨ ЭРКИНДИК

Мурун кандидаттык диссертация үчүн үч, докторлук үчүн беш жылдык мөөнөт чектөөсү бар болчу. Эми изилдөөчүлөр өз эмгектерин даярдык даражасына жараша каалаган убакта коргой алышат. Бул, айрыкча, жаш жана демилгелүү окумуштуулар үчүн чоң мүмкүнчүлүк.

## БАЛЛ СИСТЕМАСЫНЫН ЖОЮЛУШУ

Эми белгилүү бир упай чогултуу талабы алынат (кандидаттар үчүн 100, докторлор үчүн 250 упай талап кылынчу). Негизги баалоо критерийи — илимий жаңылык, актуалдуулук жана илимге кошкон салым болуп калды.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШТЕРДИ ОПТИМАЛДАШТЫРУУ

Кеңештин курамы 13–25тен 9–15 мүчөгө чейин кыскартылды. Бир кеңеш үч гана илимий багыт менен иштейт. Ошондой эле документтерди кайра тапшыруу мөөнөттөрү кыскартылып, бюрократиялык тоскоолдуктар азайтылды.

Илимий адистиктердин номенклатурасы жаңыртылды

Мурда 422 болгон илимий адистиктердин саны 192ге кыскартылды. Багыттарды ири топторго бириктирүү аркылуу системалуу жана заманбап классификация түзүлдү.

## ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ДИПЛОМДОРДУ АВТОМАТТЫК ТААНУУ

Кыргызстанда биринчи жолу PhD жана Dr.Habil даражаларын автоматтык нострификациялоо (таануу) системасы киргизилди. Бул эрежелер QS World University Rankings жана Times Higher Education рейтингдеринин TOP-500 тизмесине кирген университеттерде берилген дипломдорго тиешелүү болот.

Жаңы эрежелер илимий кадрлардын даярдык сапатын арттырып, кыргыз илимине эл аралык аянтта атаандаштык жөндөмдүүлүк берет деп күтүлүүдө.

# МЭЭҢИЗДИН ЖАКШЫ ИШТЕШИН КААЛАСАҢЫЗ БУЛ КЕҢЕШТЕРГЕ МААНИ БЕРИҢИЗ



***Убакыттын өтүшү менен эс тутум, мээнин логикалык ой жүгүртүү сыяктуу таанып-билүүчү функцияларынын начарлашы турган кеп. Ошондуктан мээ дагы кам көрүүгө муктаж. Мээнин иштешин жакшыртууну кааласаңыз жашоо образыңызды көзөмөлдөңүз.***

### 1. Физикалык көнүгүүлөр

Нормада иштеген жүрөк мээни ар дайым кычкылтек жана глюкоза менен камсыздап, токсиндерден арылтат. Эгер киши таза абада көбүрөөк болсо, эң керектүү болгон D витамини сизде жетиштүү болот.

Физикалык форманы кантип сактаса болот?

Жаңы физикалык көнүгүүлөрдү жасоого аракет кылыңыз. Аны ар кандай жол менен аткарыңыз. Ошондо калыптанып жаткан клеткалардын туура түзүлүшүнө мүмкүнчүлүк болот.

Башкысы, сиз чуркаганды жактырсаңыз чуркаңыз. Же чарба иштери менен алек болуңуз.

### 2. Кыймыл-аракеттин жардамы менен эстеп калыңыз.

Аталган ыкманын эффективдүүлүгү далилденген жана актерлор арасында кеңири тараган. Эгер кыймыл-аракеттин жардамы менен бир нерсени жаттоого аракет кылсаңыз, маалымат сиздин башыңызда жакшы сакталат.

### 3. Туура тамактануу менен мээге күч кубат бериңиз.

Организмге керектүү болгон канттын жана энергиянын 20 пайызы мээге кетет. Ошондой эле мээ кандагы глюкозанын деңгээлинен дагы көз каранды.

Кант нормадан ашып кеткенде мээ белги берет жана ал кишиге сезилет. Киши даамдуу тамак жегенде мээ допамин бөлүп чыгарат. Ошондуктан, бизге даамдуу тамактар абдан жагат. Бирок, эң жакшы эмоциялар бир гана мээге эмес, ашказанга дагы керек.

Мээнин клеткалары майдан тургандыктан, майдан баш тарткан болбойт. Жаңгакта, авокадодо, балыкта көп кездешкен май кислотасы мээнин жаңы клеткаларынын иштешине өтө маанилүү.

### 4. Мээңизди дем алдырыңыз IMAGES

Анча-мынча стресс дагы керек - ал биздин кооптуу учурлардан мобилизациялануубузга жардам берет. Стресс мээнин кортизол гормонун иштетип чыгуусуна көмөктөшөт. Аталган гормон кишинин ой топтоосуна чоң өбөлгө түзөт.

Узакка созулган тынчсыздануу жана жогорку деңгээлдеги стресс мээ үчүн зыян. Андыктан маал-маалы менен мээнин бул бөлүгүн эс алдырып туруу маанилүү. Аталган бөлүктү эс алдыруу менен башка бөлүктү машыктыра аласыз.

Эгер тышкы дүйнөдөн алыстоо сиз үчүн кыйынчылык жаратса медитация ыкмасын колдонуп көрүңүз.

Ал стресстин гормондорунун дегээлин азайтууга жардам берет.

### 5. Жаңы тапшырмаларды коюңуз

Мээнин иштешин жакшыртуу үчүн сүрөт тартуу дагы пайдалуу

Мээни мурун аткарып көрбөгөн тапшырмалар менен толтуруңуз.

Чет тилдерин үйрөнүңүз же сүрөт тартыңыз. Мунун бардыгы мээни сергитүүгө жардам берет.

Болбосо үй-бүлөңүз же досторуңуз менен онлайн-оюндарын ойноңуз.

### 6. Музыка угуңуз

Музыка мээге өзгөчө дем бере турганы калетсиз. Музыка уккан же аткарган кишинин мээси активдүү болот экен.

Гитара черткенди же пианино ойногонду билбесеңиз абдан жакшы, каалаган учурда музыка уга аласыз. Хордо ырдаңыз же билет сатып алып концертке кириңиз. Булар дагы сиз үчүн абдан пайдалуу.

### 7. Сабакка даярдануу, эртеңки пландарды жазууну жатаар алдында жазыңыз.

Биринчи окуу, андан соң уйку

Күндүз сиз жаңы бир нерсе үйрөнсөңүз же сөз жаттасаңыз, мээнин айрым клеткаларынын ортосунда нейрон байланыштары түзүлөт.

Сиз уктагандан кийин байланыш күчөп, жаттаган сөз же нерсе эсиңизде сакталып калат. Андыктан, эс тутумду консолидациялоо үчүн уйку абдан маанилүү.

Эгер экзаменге даярданып жатсаңыз, уктап бара жатканда суроолордун жообун бир ирет кайталап алыңыз.

### 8. Туура ойгонууну үйрөнүңүз.

Уйку пайдалуу экени талашсыз. Сиз жети сааттан аз уктасаңыз ой жүгүртүүңүз начарлайт.

Ал эми он сааттан ашык уктасаңыз башыңыз дендароо абалга кептелет. Бирок бир күндүк энергияңызды калыбына келтирүү үчүн туура уктоо гана эмес, туура ойгонуу дагы маанилүү.

Тоок менен тең жатып, кошо тур деген кеп бекеринен айтылган эмес. Сиздин 7 сааттан кем эмес уктап, жаткан жериңиздин тазалыгына жана ыңгайлуулугуна да маани бергениңиз оң. Бул уйкунун жакшы болушуна, мээнин жакшы эс алуусуна шарт түзөт.

**ЗИРЕК ИИ**

"Нур" ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**

КАНЫКЕЙ ЖОРОЕВА

**Редакциялык кеңеш:**

**М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы, С.Маматкары уулу**

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 4407011103007617
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.